***Н.Ч.Черикова,***
*К.Карасаев атындагы БГУ*

# ООЗЕКИ РЕЧТИ ӨСТҮРҮҮДӨГҮ ТЕКСТТИН РОЛУ

"Эгер биз сүйлөшсөк, анда тексттер аркылуу сүйлөшүп жатабыз, тил тексттик формада жана функцияда гана адамдардын ортосундагы пикир алышуу каражаты боло алат", - деген Гартмандын аныктамасы оозеки речти өстүрүүдөгү тексттин чоң мааниси бар экендигине далил боло алат.

Ар бир текст – тилдин натыйжасы. Ар бир окулган тексттин маанисин адам тил менен ой жүгүртүүнүн байланышы аркылуу түшүнөт. Окулуп жаткан тексттер студенттин адам катары калыптанышына да таасир берет. Тексттер аркылуу сөз байлыгын өстүрүү макал-лакаптар, туруктуу сөз айкаштары, терминдер, башка тилдерден кирген сөздөрдүн туура жазылышы да, ошондой эле грамматикалык материалдар да өздөштүрүлөт.

Тексттерди окутууда студенттердин алдына коюлуучу эң маанилүү максаттар төмөндөгүдөй болот:

• Окуу жөндөмүн калыптандыруу жана аны адатка айландыруу ;

• Окулган текстти түшүнүп , аны анализдей алуу, маанисин кыскача айтып берүүгө жетишүү;

• Окуп түшүнүү ишинин башкы максаты түшүнүүнү ишке ашыруу болгондугуна байланыштуу канчалык даражада сөз байлыгы бар экенин жана грамматикалык эрежелерди билгендигин көрсөтөт.

Тил үйрөтүүдө , оозеки речти өстүрүүдө канчалык көп сүйлөсө, ошол студенттин (адамдын) сүйлөшүү жөндөмү өсөт. Бардыгыбызга белгилүү болгондой, сүйлөшүү иши экиге бөлүнөт:

1. Монолог.
2. Диалог.

Ал эми сүйлөшүү – сөздөрдү үн чыгарып гана айтып коюу эмес. Сүйлөшүүнүн өзүнө тиешелүү эрежелери бар. Тилди үйрөнүүчү да ошол эрежелерге таянуу менен сүйлөшүүнү ишке ашырат. Сүйлөп жаткан адам сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү туура байланыштырып, тилдин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сүйлөшүүсү зарыл. Албетте, оозеки сүйлөшүп, пикир алышуу каражаты болуп текст эсептелет жана текст кыргыз тилин бөтөн тилдүү студент үйрөнүүчүгө методикалык – педагогикалык жактан иштелип чыккан жетектөөчү, негизги материал болуп саналат.

Текстти окутууда сүйлөшүү ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн ичинен угуу жана сүйлөө ишмердүүлүгүнө көбүрөөк көңүл бурулат.

БГУнун мамлекеттик тил кафедрасынын доценттери Б. Деркембаева, Н. Черикова, Р. Жумалиева тарабынан "Тилим – менин дилим" деген баштоочу жана улантуучу топтун студенттери үчүн тексттер жыйнагы грамматикалык тапшырмалары менен жарык көргөн. Бул тексттердин жардамы менен албетте, белгилүү тартипке, эрежелерге , критерий – принциптерге таянып, ар бир тексттин темаларын студенттерге оозеки окутуп, грмматика жана окуп түшүнүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөндөн кийин теманын лексикалык минимуму боюнча оозеки байланыш жүргүзүлөт. Китепте камтылган ар бир комплекстин тематикасы текстке чейинки жана тексттен кийинки тапшырмалары менен иштелип чыккан. Албетте, баштоочу топтун студенттери үчүн өзүнчө, ал эми улантуучу топтун студенттери үчүн башка ар бир топтун деңгээлине жараша тексттер берилген.

Төмөндө баштоочу топтун студенттери үчүн түзүлгөн текст аркылуу пикир алышуу жана речти өстүрүүдө тексттин жардамы менен ага карата түзүлгөн тапшырмалар аркылуу коммуникативдик, методикалык максаттар сунуш кылынат.

Жыл мезгилдери

Кечке жуук кардын жаашы басылып, таңга маал асман чайыттай ачылды, суук күчөп, кар жылт-жулт этет. Канаттуулар үрпөйүшүп, ызгаардуу кышка наараазы болушкансыйт. Табияттын тартиби ушундай экенин алар кайдан билишсин.

Кышында күн абдан кыскаргандан кийин (22-декабрь) Күн жазга карай бет алат, кыш болсо чилдеге эркиндик берет. Кыш канчалык каарын төккөн менен баары бир жаз келбей койбойт, анткени жыл мезгилдери бирин бири алмаштырып турат, мунун сыры эмнеде?

Жер Күндү жылына бир айланып чыгат. Ошол убакта ал Күнгө капталын ар түрдүү абалда каттайт. Күн так төбөгө көтөрүлүп, анын нуру тике түшкөндө, катуу ысып, жерде жылуу болот. анын тескерисинче, күн бийик көтөрүлбөй, анын нуру жер бетине кыйгач тийген кезде, суук боло баштайт.

Кышты жаз, жазды жай алмаштырат. Күн абдан узарганда (22-июнда) сууга түшпөсөң чыдай албай турган жай чилдеси күчүнө кирет. Ал эми тиги алдыдан күздүн карааны да көрүнөт ... күн кыскарып, түн узара баштайт. Мына, күз келип токой да алтын түстөнүп саргарууда. Андан соң дарактар жалбырактарын күбүп, бутактары арбайып – тарбайып, сороюп көрксүз түргө келет. Табият карды күтөт. Ушуну менен жыл айлануу аякталат.

Бирок жер шарынын бардык жеринде эле жыл мезгилдеринин белгилери мындай ачык-даана боло бербейт.

Бул текст орус тилине которулуп, окуп түшүнгөндөн кийин татаал сөздөрдүн мааниси чечмеленет да, текстке карата сөздөр (сөздүк) түзүлөт. Ошондой эле жыл мезгилдерине карата түстүү сүрөттөр да колдонулуп, мазмунун түшүнүү жана айтып берүү үчүн бир нече тапшырмалар да берилет.

**1–тапшырма.** Синонимдерин тапкыла , же башка кандай сөз менен алмаштырса болот?

Кечке жуук.
Ызгаардуу кыш.
Табияттын тартиби.
Каарын төгүү.
Жай чилдеси.
Алтын түс.
Күздүн карааны.
Арбайып – тарбайып.
***Көрксүз***

Бул тапшырмада студенттер сөз айкаштарынын маанисин чечмелеп, сөз айкаштарына жакын сөздөрдү окутуучунун жардамы менен табышат.

**2–тапшырма.** Тест түрүндө берилет. Берилген үч суроонун бир варианты туура жооп болот. Натыйжада бул тапшырма аркылуу жыл мезгилдеринин кубулуштары тууралуу билген билимин тереңдетишет.

Туура жоопту тапкыла .

1. Ызгаардуу кышка наараазы болушат?
 а) адамдар.
 б) канаттуулар.
 в) кичинекей балдар.
2. Кыштын эң кыскарган күнү?
 а) 1-декабрь.
 б) 22-декабрь.
 в) 20-январь.
3. Жер бетинде качан жылуу болот ?
 а) Күндүн нуру кыйгач тийген кезде .
 б) Күндүн нуру каптал жактан тийгенде.
 в) Күндүн нуру төбөгө. көтөрүлүп, тике түшкөндө.
4. Жай чилдеси качан күчүнө кирет?
 а) 22-июнда.
 б) 10-августта.
 в) 20-сентябрда.
5. Эмне үчүн күн кыскарып, түн узарат?
 а) Суук боло баштаганда.
 б) Күз жакындаганда.
 в) Дарактар жалбырактарын күбүгөндө.

**3 –тапшырма**. Суроолорго жооп бергиле.

1. Кайсы убакта кар жылт-жулт этет?
2. Кыш качан чилдеге эркиндик берет?
3. Жыл мезгилдери эмне үчүн бирин бири алмаштырат?
4. Жер Күндү канча жолу айланат?
5. Кайсы мезгилде жерде жылуу болот?
6. Тескерисинче, качан жерде абдан суук болот?
7. Күздүн карааны качан жакындайт?
8. Жалбырактар алтын түскө качан бөлөнөт?
9. Дарактар көрксүз абалга качан келет?
10. Эмне үчүн жер шарындагы жыл мезгилдери бири-бирине окшошпойт?

Бул тапшырма аркылуу окулган тексттеги суроолорго жооп берүү менен дагы бир жолу түшүнүгүн бекемдешет жана суроо-жооп аркылуу текстти айтып берүүгө жетишет.

**4-тапшырма.** Тексттин негизинде күнүмдүк турмушта кездешкен жыл мезгилдерине байланыштуу аба ырайы тууралуу талкуу жараткан кырдаалдык суроолор сунуш кылынат

1. Аба ырайынын жаман күнү болбойт.
2. Жамгыр эмнеси менен жакшы, тескерисинче эмнеси жаман.
3. Кардын калың жаашы адамдардын турмушуна терс таасир тийгизет.
4. Күн дайыма эле ысык болуп турат.
5. Жыл мезгилдеринин бири-бирин алмаштыруу сыры.
6. Жер шарында аба ырайы бирине-бири окшош.

**5-тапшырма**. Фразеологиялык сөздүктүн жардамы менен төмөнкү сөздөрдүн маанисин чечмелегиле.

Күн чайыттай ачылуу, каарын төгүү, күздүн карааны, алтын түс, жалбырактарын күбүү. Бул сөздөр кайсы учурларда колдонулат? Орус тилине которуп, орус тилинде окшош варианттарын тапкыла.

**6-тапшырма**. Тексттин негизинде ар бир студент бaрактын четин бүктөө менен бир сүйлөмдөн жашыруун түрдө аналогиялык текст түзүү берилет.

Бул тапшырма күндө угуп жүргөн сөздөрдүн негизинде аба ырайы, жыл мезгилдеринин кубулуштарын камтыган сөз каражаттарынан түзүлүп, студенттин эркин ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзөт. Барактын башынан аягына чейин түзүлгөн сүйлөм темага жооп берип, ар бир жашыруун сүйлөмдүн жыйынтыгынан бир текст пайда болуш керек.

Албетте, студент грамматиканы жакшы өздөштүргөндөн кийин гана өз оюн так, туура айтууга жарап, речи коммуникациялык максатка жетет. Грамматиканы окутуунун негизинде речтин ишмердүүлүгүнүн пайдубалы калыптанат. Грамматиканы жөн гана жаттабастан, сүйлөө ишмердүүлүгүнүн төмөнкү түрлөрүн аткарууга үйрөнүшөт: сабаттуу жазуу, окуп түшүнүү, угуп түшүнүү, сүйлөшүү, дил баян жазуу.

Ушундай талаптарды аткарганда гана студенттин аракетинен жыйынтык чыгат. Бул берилген кыскача иштелме мектепти орус тилинде бүткөн башка улуттун өкүлдөрүнө окутулган текст боюнча талдоо болду. Текст менен мындай иштерди жүргүзүү оозеки речти өстүрүүнүн маанилүү булактарынын бири.

Ал эми текстти окутуунун ыкмаларын ар бир окутуучу чаалыкпаган чыгармачылыгы, методикалык изденүүсү менен студенттерге жеткире алат.